БЕКИТЕМИН

Директор А.Арыкова

**К.Ботояров атындагы № 10 орто жалпы билим берүүчү мектебинин усулдук бирикмелеринде инновациялык декадаларды өткөрүүнүн**

**жобосу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-июлундагы№517 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү

Типтүү Нускамасына ылайык

* МектептинӨнүгүү планында жана усулдук бирикменин планында бекитилген убагында инновациялык декадалары өткөрүлүүгө тийиш.

* Усулдук бирикме жетекчиси инновациялык декадасында өтүлүүчү ачык сабактардын,класстан тышкаркы иш чаралардын графигин түзөт.

* Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары бирикмедеги педагогдор менен интервью-маек өткөрөт.

* Усулдук бирикме мүчөлөрү педагогикалык ишмердүүлүктөгү өзүн-өзү анализдөөсүн жүргүзөт.

* Усулдук бирикме мүчөлөрү көрсөтмөлүү ачык сабактарды өтүшөт,бирикме жетекчиси мүчөлөрү толук катышууга тийиш.

* Сабактарга анализ беришет,сунуштар айтылып ,методикалык жардам көрсөтүлөт.

* Тажрыйбаны жалпылап аны билим берүү уюмундагы мугалимдер арасына жайылтуу сунушталат.

* Усулдук бирикме жетекчиси предметтерди окутуу усулунун актуалдуу көйгөйлөрү боюнча консультацияларды жүргүзөт.

* Жаш педагогдордун кесиптик өнүгүүсүн колдоо максатында насаатчылык жүргүзүлөт.

* Усулдук бирикменин отуруму өткөрүлүп,протоколдору жазылууга тийиш.

* Декаданын өтүлүшү боюнча мектептин педагогикалык кеңешине маалымат даярдалат.

Сканировано с CamScanner